КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ

ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ
ТАМГА АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ
XXVIII-ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН
КЕЗЕКТЕГИ XIV СЕССИЯСЫ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА

ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ ТАМГИНСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА
ОЧЕРЕДНАЯ XIV СЕССИЯ XVIII
СОЗЫВА

# ТОКТОМ

2022-жылдын 20-сентябрь № 30 Тамга айылы

**Кудайбергенов Каныбек Акеновичтин небересине материалдык жардам көрсөтүү жөнүндө.**

Тосор айылынын Жаштык көчөсүнүн № 11 үйүнүн тургуну К.А. Кудайбергеновтун кайрылуусун айылдык кеңештин депутаттары карап, талкуулап чыгып, Тамга айылдык кеңешинин XXVIII-чакырылышынын кезектеги сессиясы **токтом кылат:**

1. Тосор айылынын Жаштык көчөсүнүн № 11 үйүнүн тургуну А.К.Кудайбергеновтун небересинин дарылануусуна акча каражатын бөлүп берүү тууралуу жазган кайрылуусу канагаттандырылсын. Материалдык жардам көрсөтүү үчүн айыл өкмөтүнүн бюджетинин эсебинен 30 000 (отуз миң) сом акча каражаты бөлүнүп берилсин.

2. Айыл өкмөтүнүн башчысы Т.Баямановго жана финансы-экономика бөлүмүнүн башчысы Ж.Орозбаковго сессиянын токтомунун негизинде 2022-жылга бекитилген жергиликтүү бюджеттин чыгымдоолорунун 71093 «Социалдык камсыздоо» бөлүмүнүн 27211500 «Калкты социалдык жактан камсыздоо» статьясынын эсебинен Кудайбергенов Каныбек Акеновичтин бет эсебине которуп берүү жагы милдеттендирилсин.

3. Бул токтомду Юстиция министрлигинин Ысык-Көл облустук башкармалыгынан каттоодон өткөрүү жагы Тамга айылдык кеңешинин жооптуу катчысы Н.Шабданбаевага тапшырылсын.

4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин пландоо, бюджет жана финансы боюнча жана социалдык маселелер боюнча туруктуу комиссиясына жана айыл өкмөтүнүн башчысы Т.Т.Баямановго тапшырылсын.

**Төрага** **А.А.Букаров**